И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.23.675 диссертациялык кеңешинин алдын ала коргоо жыйынынын № 13

**ПРОТОКОЛУ**

26-февраль 2025-жыл Бишкек шаары

Катышкандар:

1. Чоров Маматкан Жетимишович п.и.д., 13.00.02
2. Раимкулова Ажарбүбү Супуровна п.и.д., 13.00.08
3. Чалданбаева Айгуль Кушчубековна п.и.д., 13.00.02
4. Мааткеримов Нурсапар Оролбекович п.и.д., 13.00.02
5. Беркимбаев Камалбек Мейирбекович п.и.д., 13.00.08
6. Бабаев Доолотбай Бабаевич п.и.д., 13.00.02
7. Болджурова Ишенкуль Садыковна п.и.д., 13.00.08
8. Байсеркеев Аскарбек Эсенович п.и.д., 13.00.02
9. Субанова Мейлкан Субановна п.и.д., 13.00.02
10. Сияев Таштанбек Монолдорович п.и.д., 13.00.02
11. Сыдыхов Бахыт Дикамбаевич п.и.д., 13.00.08
12. Сатыбекова Майрамкул Абдыкуловна п.и.к., 13.00.02

**Диссертациялык кеңештин төрагасы:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Чоров М. Ж.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы:** педагогика илимдеринин доктору, доцент Чалданбаева А. К.

УАКтын терагасынын буйругу менен бекитилген диссертациялык кеңештин 15 мүчөсүнөн 12 мүчөсү катышууда, алардын ичинен 4 мүчөсү, талкууланып жаткан диссертациянын багыты боюнча илимдин и докторлору, кенештин жыйынын ачуу сунушу бар.

**Күн тартиби:**

Изденүүчү Шатманалиев Болотбек Аманович "Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары" аттуу темадагы 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын алдын ала коргоосу.

**Диссертациялык иш** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:** Бабаев Дөөлөтбай Бабаевич - педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Төрага:** Урматтуу бүгүнкү отурумду катышуучулары! Шатманалиев Болотбек Амановичтин "Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары" аттуу темадагы 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы, адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулайбыз.

Диссертациянын негизги мазмунун, маңызын, максатын жана өзөктүү жерлерин айтып берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

Изденүүчү Шатманалиев Болотбек Аманович диссертациялык иштин негизги мазмуну менен тааныштырып өттү (Докладдын тексти тиркелет).

**Жыйындын төрөагасы:** Изденүүчүнүн диссертация боюнча баяндамасы аяктады. Кимде кандай суроолор бар?

**Төрага:** Сөз Сияев Таштанбек Монолдоровичке берилет. Сияев Т. М. педагогика илимдеринин доктору, профессор: Болотбек Амановичке бир нече суроом бар.

1-суроо: Иштин милдеттери канча пунктан турат?

2-суроо: Критерийлер деген эмне жана алар азыркы шартта канчалык деңгээлде актуалдуу?

**Изденүүчү:** Суроонузга чон рахмат, Таштанбек Монолдорович!

1. Иштин милдеттери төрт пунктан туруп, алар башка ушундай бардык изилдөөлөргө коюлган талаптардын алкагында, тема боюнча каралган маселелерди чечүүгө мүмкүндүк берүүчү педагогикалык шарттарды, концептуалдык негиздемелерди теориялык жактан изилдеп, эксперименталдык текшерүүгө алууда негизги багыт берүүгө арналаган.

2. Экинчи сурооңузга бере турган жоопту шарттап турган нерсе, бул, албетте, азыркы учурдагы Кыргызстандагы билим берүү системасы өзгөчө социалдык-экономикалык кырдаалда пайда болгон принципиалдуу жаңы көрүнүш экендигинде болуп жатат. Коомдук сферанын бадык жактарын камытыган кардиналдык өзгөрүүлөрдүн шартында билим берүү системасын баалоонун социалдык шарттары, жалпы эле критерийлери көптөгөн аспектилерде изилденбеген бойдон калууда. Бул жагдай жалпы эле педагогикалык изилдөөлөрдүн негизги проблемасына, атап айтканда, билим берүү системасынын социалдык функцияларына, өзгөчө орто кесиптик билим берүү мекемелерине, колледждерге тиешелүү. Бул жагдай трансдисциплинардык багыттагы изилдөолөрдү талап кылат. Мисалы Э.

Дюркгеймдин эмгектеринде билим берүу мекемеси, мектеп социалдык факт, коомдук мамилелер өзгөчө түрдө кайра жарала турган чөйрө катары каралат. Э. Дюркгейм билим берүүнүн мазмунун изилдөөнүн социологиялык методдорун колдонуу менен гана түшүнүүгө Болотбек деп баса белгилеген. Аага улай, билим берүү системасынын социалдык функцияларын структуралык-функционалдык багытта изилдеген Т. Парсонс, Р. Мертон ж.б. билим берүү системасынын баалоо, ченемдик сферасын изилдешкен жана алар билим берүу мекемелеринин коомдук талаптарга шайкеш келип, мамлекет тарабынан корголгон социалдык функцияларды аткаруусуна көңүл бурушкан. Диссертациянын темасына байланыштуу каралган баалонун критерийлеринин ичинде функционалдык баалоо критерийлерине айрыкча маани берилип, аны социалдык контексте кароого басым жасалган. Ошондой эле, билим берүү системасы экономикалык функцияларды аткарган жана коомдун экономикалык подсистемасы менен олуттуу байланышта болгон институт катары мүнөздөлүп, билим берүү мекемелери базар экономикалык системасынын бир бөлүгү катары каралып жаткандыгы да баалоо критерийлерин шартоодо. Албетте, иште адистике даярдоодо инсан катары калыптандыруу маселесине, руханий баалуулуктар, моралдык, укуктук, жүрүм-турум нормаларынын ж.б. башкаруу процессиндеги өзгөчө орду да каралган. Коомдогу тынымсыз өзгөрүүлөргө байланыштуу баалоо критерийлерин аныктоо, тактоо боюнча теориялык концепциялардын жана эмпирикалык маалыматтарды интерпретациялоо методдорунун жаңыланып жатканына күбө болуудабыз. Диссертациялык иште тема боюнча, коюлган максатка ылайык баалоо критерийлеринин, механизминин мааниси белгиленип, оптималдуу варианттарын пайдалнууга аракет жасалды.

**Төрага:** Сөз Байсеркеев Аскарбек Эсеновичке берилет. Байсеркеев А. Э. педагогика илимдеринин доктору, профессор:

Мен илимий ишиңизди толугу менен окуп чыктым. Менде төмөнкүдөй суроолор пайда болду. Сиздин изилдөөңүздө каралып жаткан башкаруунун модели деген эмне, кандай түшүндүрмө бере аласыз?

**Изденүүчү:** Аскарбек Эсенович, суроонузга чоң рахмат!

Жалпысынан карасак, белгилүү болгондой “башкаруу модели” катары реалдуу башкаруу системасынын ар тараптан каралган көчүрмөсү, модели каралат жана анын ишин, функционалдык мүнөздөмөлөрүн, системалык негиздерин ачып берүүгө, тактоого, аныктоого багытталган.

Башкаруу модели башкаруу системасындагы ар кандай элементтердин татаал айкалышын ачып көрсөтөт, ачыктайт, тактайт жана ошону менен башкаруунун татаал проблемаларын ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Ар бир башкаруу модели, албетте, коомдун, экономиканын жана маданияттын

өнүгүү талаптарына жооп берип, учурдагы кырдаалды эске алууга тийиш. коомдун жаңы реалдуулуктарына ылайык тынымсыз өзгөрүп турган чөйрө. "Башкаруу моделин" башкаруу системасы кандай көрүнөт, болот жана болушу мүмкүн, ал башкаруу объектисине кандай таасир этет, тышкы чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө кантип ыңгайлашат, кантип башкарылган мекеме өз максаттарына жете алат, туруктуу өнүгө алат деген сыяктуу иделардын жыйындысын камтыган теориялык негизде түзүлгөн түшүнүктөрдүн, көз караштардын, схемалардын топтому десек да болот.

Билим берүү системасын же мекемесин башкаруу модели деп структуралык-функционалдык компонентке негизделип, аталган системаны же мекемени башкаруунун бирдиктүү стратегиясына ылайык коюлган максаттарга жетүүгө багытталган ишмердүүлүктү уюштуруу деп түшүнсө да Болотбек.

**Төрага:** Сөз Сатыбекова Майрамкул Абдыкуловнага берилет.

**Сатыбекова М. А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:**

Чет мамлекеттик окумуштуулардын изилдөөлөрүндө орто кесиптик билим берүү мекемелериндеги окуу-тарбия процессин башкаруу кандай негизги мүнөзгө ээ болуп каралат?

**Изденүүчү:** Орто кесиптик окуу жайларында окуу-тарбия процессин башкаруу маселесин изилдеген Н. М. Борытко, В. В. Красикова, О. Е. Лебедева, И. А. Соловцова сыяктуу окумуштуулардын эмгектери менен катар эле, колледжде окуу системасын башкаруу процессинин өзгөчөлүктөрү В. П. Вишневская, Е. Е. Журинская, В. В. Землянский жана башкалардын изилдөөлөрүндө да каралат. Орто кесиптик окуу жайларында, колледждеги окуу-тарбия процессинин системасын башкаруунун өзгөчөлүктөрүн теориялык жактан талдоого алган аталган окумуштуулардын эмгектеринде билим берүү мекемелериндеги окуу процессин башкаруу социалдык мүнөзгө ээ болот деп белгиленет.

**Төрага: Чоров Маматкан Жетимишович –** педагогика илимдеринин доктору, профессор: Педагогикалык процессти натыйжалуу башкаруу үчүн билим берүү уюмдары кандай заманбап шарттарды түзүүсү зарыл?

**Изденүүчү:** Маматкан Жетимишович суроонузга чоң рахмат.

Эң оболу компьютерлер локалдык тармакка жана Интернетке туташтырылышы; билим берүү уюмун башкаруунун ченемдик укуктук базасы электрондук системалаштыруу, веб-сайтка киргизүү, электрондук документ жүгүртүүнү ишке киргизүү, жаңы платформаларды иштеп чыгуу, окуу процессинин бардык катышуучулары үчүн маалымат базасын түзүү жана жаңыртуу, билим берүү процессинин сапатына мониторинг жүргүзүү системасын иштеп чыгуу, педагогикалык кадрлардын квалификациясын

жогорулатуу, методикалык басылмаларды чыгаруу сыяктуу чараларды ишке ашыруу зарыл.

Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин заманбап башкаруу алкагында жаңы мобилдик веб-тиркемелерди иштеп чыгуу. Бул тиркеме окутуучуларга, ата-энелерге, группанын башчыларына, студенттердин өзүн-өзү башкаруу уюмуна жана жетекчилерге керектүү маалыматтарды берет.

**Төрага:** Сөз Сыдыхов Бахыт Дикамбаевичке берилет.

**Сыдыхов Б. Д. – педагогика илимдеринин доктору, доцент:**

Предоставленная кандидатская диссертация Шатманалиева Б. А. на тему: «Педагогические условия управления образовательным процессом в системе среднего профессионального образования» соответствует профилю диссертационного совета. У меня тоже возникли несколько вопросов.
Насколько данная проблема актуальна в вашей работе?

**Изденүүчү:** В современных условиях также изменение форм управления в учебных заведениях, разделение на государственные и частные, и другие процессы требуют совершенствования и изучения управления учебно-воспитательным процессом в средних профессиональных учебных заведениях.

Данная проблема актуальна в связи с разработкой оптимальной модели управления учебно-воспитательным процессом в системе учебных заведений среднего профессионального образования, определяющей его педагогические условия.

**Следующий вопрос,** Вы говорили о положительной динамике в социальной востребованности средних профессиональных учебных заведений, но как с качеством подготовки специалистов?

**Изденүүчү:** Да, на самом деле, в исследуемых образовательных учреждениях наблюдается рост спроса на рынке труда на молодых специалистов с профессиональным образованием, полученным в средних профессиональных учебных заведениях. Выпускники таких учреждений пользуются высокой востребованностью. Сеть средних профессиональных образовательных учреждений не только сохранилась, но и расширилась. В настоящее время существует множество управленческих структур, отвечающих за организацию учебно-воспитательного процесса в этих учреждениях.

Однако, несмотря на положительную динамику в социальной востребованности средних профессиональных учебных заведений, качества подготовки специалистов, уровень методического и технологического обеспечения педагогических задач отстает от требований.

**Төрага:** Сөз Беркимбаев Камалбек Мейирбековичке берилет.

**Беркимбаев К. М. – педагогика илимдеринин доктору, профессор:** Мы помним, что в некоторых учреждениях деятельность администрации сыграла ключевую роль в управлении учебно-воспитательным процессом. Насколько эта проблема актуальна в вашей работе?

**Изденүүчү:** В реализации организационной модели управления ключевую роль играют деятельность администрации и коллектив преподавателей и студентов. Исследование показало, что и студенты, и преподаватели высоко оценили управление учебно-воспитательным процессом в колледже, что подчеркивает значительный потенциал совместной работы студентов и преподавателей.

**Төрага:** Сөз Болджурова Ишенкуль Садыковнага берилет.

Болджурова И. С: Система управления качеством образования в колледжах в последнее время пересматривается с учетом международных стандартов. Ваше исследование учитывает эти изменения?

**Изденүүчү:** В настоящее время система управления качеством образования в колледжах строится на новых принципах, в том числе с учетом международных стандартов, что отражает подходы к совершенствованию образовательного процесса.

**Второй вопрос.** Хорошо. Если среднее профессиональное учебное заведение работает только в соответствии с нормативными документами и моделью управления, это не приведет ли к снижению эффективности работы?

**Изденүүчү:** Спасибо. Ответ на второй вопрос. Конечно, человеческий фактор также должен быть принят во внимание. Однако при реализации системы качества в среднем профессиональном учебном заведении каждая процедура должна быть тщательно изучена, документирована и разработана менеджерами и исполнителями. В этом отношении разработанные положения и программы имеют ключевое значение. Только объединяя усилия всех участников учебно-воспитательного процесса в среднем профессиональном учебном заведении и проводя работу по всем аспектам качества образования и воспитания, можно достичь результатов. Работа проводится в соответствии с нормативными документами и основными функциями управления, но если в организационной структуре выявлены противоречия и если деятельность в этом направлении не обновляется через специальную модель, это приведет к снижению эффективности работы.

**Жыйындын төрөагасы:** Кимде кандай суроолор бар? Сөздү илимий жетекчиси, профессор Бабаев Дөөлөтбай Бабаевичке берели.

**Бабаев Д. Б. -** педагогика илимдеринин доктору, профессор.

Урматтуу төрага, коллегалар, Сиздерге ыраазычылык билдиребиз! Бүгүн менин аспирантым үчүн абдан жоопкерчиликтүү күн болуп жатканын көрүп турасыздар. Сиздерге илимий иш жөнүндө айтаардан мурда, Болотбек Аманович билим берүү тармагында, айрыкча орто кесиптик окуу жайларды уюштуруу, башкаруу жагында абдан зор тажырыйбасы бар, эмгекчил жана чыгармачыл инсан экендигине көңүлүңүздөрдү бургум келет.

Ар бир орто кесиптик окуу жайын башкарууда, уюштурууда артыкчылыгы, таланты бар жана ушул тармакта эмгеги үчүн мамлекет тарабынан берилген сыйлыктары белгилүү. Теманы тандап алууга өзүнүн иштеп жаткан практикалык иши да түрткү болду десек болот. Иш Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы № 1 Жарлыгы, 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы № 200 токтому менен кабыл алынган 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы сыяктуу мамлекеттик структуралар тарабынан иштелип чыгып, билим жана тарбия берүү тармагы тууралуу кабыл алынган концепцияларда, стратегиялык документтерде, укуктук-нормативдик актыларда камтылган багыттар, белгиленген милдеттер менен шартталып, КР билим жана илими министирлигинин, жогорку окуу жайлардын илимий изилдөө иштеринин тематикалык пландары менен байланышта аткарылды. Иште орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун өзгөчөлүктөрү, мазмун, функциялары анализге алынгандыгында, функционалдык баалоо критерийлеринин артыкчылыгы аныкталып, кесиптик орто окуу жайдагы окуу процессин башкаруу системасын өркүндөтүүнүн теориялык багыттары, концептуалдык негиздери каралып, өзгөчөлүктөрү, факторлору айкындалып, кесиптик орто окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун модели иштелип чыкты жана аныкталган педагогикалык шарттардын жана моделдин натыйжалуулугу эксперименталдык жактан текшерип жакшы натыйжага жетти.

Илимий жетекчи катары диссертант абдан актуалдуу, керектүү илимий эмгек жаратканын белгилейм. Албетте, иимий изилдөөнү жазып жатканда кемчиликтер болбой койбойт. Ар бир айтылган кемчилик, сунуш, талкууда айтылган пикир каралат, мүчүлүштүктөрдү сөзсүз оңдойбуз, алар биз үчүн маанилүү. Бул эмгекти, диссертацияны коргоого сунуштайм жана Сиздерди колдоп берүүңүздөрдү суранам. Изденүүчү 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн татыктуу деп эсептейм.

**Жыйындын төрөагасы:** Диссертациялык ишти талкулоого өтөлү. Талкууну баштап, актуалдуулугу боюнча айтсак, албетте зарыл темада даярдалган иштердин бири десек болот. Коомдук-экономикалык сферадагы өзгөрүүлөр билим берүү системасын, укутук базанын да өзгөрүшүнө алып келди. Укуктук мыйзамдын өзгөрүшү менен катар, орто кесиптик окуу жайлардагы билим берүү жана тарбия процессинин башкаруусу, уюштуруусу да өзгөрүп жатат. Окуу жайлар көп профилдүү тармак катары калыптанып, окуу программаларынын, тарбия ишинин мазмуну жана формалары жаңы шарттарга ылайыкташууда. Ошондой эле, өз алдынча башкаруу жана жаңы каржылоо формаларына өтүү сыяктуу көрүнүштөр бул системадагы башкаруу маселелерин татаалдантып жатат. Орто кесиптик билим берүү системасында адистерди даярдоонун методдору, мазмуну жана шарттарынын ар түрдүүлүгү, аларды жөнгө салуу маселелери педагогикадагы актуалдуу темалардын бири болуп саналат. Окуу-тарбия процессин башкаруу боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында, бул маселе жетиштүү деңгээлде изилденбегени аныкталууда. Жаңы типтеги орто окуу жайларды уюштуруу, ошондой эле, тиешелүү теориялык жана методологиялык базаларсыз жүрүүдө. Концептуалдык негиздердин жетишсиздиги маселенин актуалдуулугун арттырып жатат. Мамлекеттик жана жеке менчик институттардын бөлүнүшү, башкаруу формаларынын өзгөрүшү, кесиптик орто окуу жайларындагы окуу-тарбия процессин кайрадан кароо жана изилдөө зарылдыгын талап кылууда. Ушундай шарттарда, орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун оптималдуу моделин түзүү жана педагогикалык шарттарды аныктоо маселеси дагы да актуалдуу болуп турат.

Диссертант практикалык жактан тажрыйбалуу адис катары, өз тажрыйбасын теориялык жактан иштеп чыгууга, сунуштарды берүүгө аракет жасаган, чоң эмгек кылган. Орто кесиптик жана билим берүү мекемелеринин башкаруу ишин жакшы билгендиги байкалып турду. Мындай эки тармакты (практика жана теорияны) бириктирүүгө болгон аракет колдоого татыктуу. Ошондуктан мен бул ишти коргоого сунуштаймын, изилдөө иши 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн татыктуу деп эсептейм.

**Төрага:** Талкууга кезек келди. Кимде кандай ойлор, сунуштар бар.

Сөз **Беркимбаев К. М. -** педагогика илимдеринин доктору, профессор: Тема диссертации "Педагогические условия управления учебно-воспитательным процессом в системе среднего профессионального образования" была научно и педагогически обоснованно выбрана.

Исследователь провел педагогический эксперимент, последовательно изучив все этапы этого процесса, систематически обработал его результаты и проанализировал их с помощью методологии Гаверсинуса. Применение этой методологии позволило подтвердить достоверность полученных результатов на достаточном уровне. Для анализа итоговых показателей педагогического эксперимента использовались формулы коэффициентов, предложенные Э. Мамбетакуновым и А. В. Усовой, с использованием методов математической статистики.

Однако в тексте диссертации и автореферата присутствуют отдельные стилистические, орфографические и редакционные ошибки, которые указаны на страницах работы, и их устранение представляется необходимым. Также требуется сокращение объема как автореферата, так и самой диссертации, чтобы она соответствовала установленным нормам. Таким образом, на основании проведенного анализа, можно сделать вывод, что диссертация Шатманалиева Б. А. соответствует всем предъявляемым требованиям и может быть рекомендована для защиты.

**Примечания:**

1. В диссертации необходимо усилить научную новизну, включая внедрение современных технологий управления учебно-воспитательным процессом.
2. Мы считаем, что разработка технологий современного управления учебно-воспитательным процессом и методов оценки уровня знаний и участия недостаточна. Требуется модернизация содержания и методов исследования, а также расширение системы современного управления учебно-воспитательным процессом с учетом международных стандартов и текущего состояния цифровизации в республике.

В заключение, на основе представленных материалов, диссертационному совету рекомендуется принять диссертацию к защите.

**Төрага:** Сөз эксперттерге Раимкулова Ажарбүбү Супуровнага берилет.

**Раимкулова А. С.** - педагогика илимдеринин доктору, профессор:

Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процесстерин башкаруунун көптөгөн катышуучуларынын күч-аракетин бириктирип, билим берүүнүн, тарбиянын сапатынын бардык жактары боюнча иш алып баруу гана натыйжа берет. Нормативдик документтерге жана негизги башкаруу функцияларына ылайык иш жүргүзүлөт, бирок уюштуруу структурасында карама-каршылыктар аныкталбаса жана атайын модель аркылуу аталган багыттагы ишмердүүлүк жаңыланып турбаса, анда бул иштин натыйжалуулугун төмөндөтүүгө алып келет.

Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкаруунун натыйжалуулугу **педагогикалык шарттарды** түзүү жана ишке ашыруу менен камсыз кылынат:

а) окуу-тарбия процессинин инсандык-гуманисттик багытынын калыптанышы;

б) окуу-тарбия процессине жаңы технологияларды, методдорду киргизүү;

в) окуу жайдын педагогдорунун илимий жактан өсүшүнө өбөлгө түзүү;

г) окуу жайдын башкаруу структураларынын өнүгүүнү максаттаган илимий-педагогикалык моделге ылайык милдет, тапшырма, пландарды аткарууга баш ийип, багыт алышы;

д) окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруу системасын өркүндөтүүнүн тенденцияларын педагогикалык-уюштуруу парадигмасынын негизинде кароо.

Ошону менен бирге, диссертациялык иштин жүрүшүндө алдыңкы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен билим берүү уюмунун башкаруу моделин ишке ашыруу үчүн бир нече колледждердин орто кесиптик билим берүү бөлүмдөрүнүн өкүлдөрүнүн катышуусунда атайын иш-чаралар өткөрүлгөн.

Натыйжасында, педагогикалык процессти башкарууда маалыматтык-коммуникация технологияларын (МКТ) натыйжалуу пайдалануу үчүн билим берүү уюмунда бир катар шарттарды түзүү сунушталды: компьютерлер локалдык тармакка жана Интернетке туташтырылышы; билим берүү уюмун башкаруунун ченемдик укуктук базасы электрондук системалаштыруу, веб-сайтка киргизүү, электрондук документ жүгүртүүнү ишке киргизүү, жаңы платформаларды иштеп чыгуу, окуу процессинин бардык катышуучулары үчүн маалымат базасын түзүү жана жаңыртуу, билим берүү процессинин сапатына мониторинг жүргүзүү системасын иштеп чыгуу, педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, методикалык басылмаларды чыгаруу сыяктуу чараларды ишке ашырылган.

Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруу алкагында веб-тиркемеси иштелип чыккан. Бул тиркеме маалыматтык-коммуникация технологиялардын жардамы менен билим берүү процессин башкаруунун заманбап ыңгайлуу куралы. Веб-тиркеме - орто кесиптик билим берүү системасындагы студенттердин жана окутуучулардын келип-кетүүсүн каттоочу заманбап мобилдик тиркеме.

Окуу жайдын окутуучуларынын жана студенттеринин келүү жана кетүү убактысын аныктайт. Студенттердин жетишүүсүнүн жана катышуусунун жыйынтыктарын чыгарып, окуу группасынын деңгээлин аныктайт. Ата-энелерге, жетекчилерге, окутуучуларга жана студенттерге

баардык маалыматтар тез берилет. Өзгөртүүлөрдү атайын бекитилген инсандар жүргүзөт.

Бул тиркеме, орто кесиптик билим берүү системасындагы окуу-тарбия процессин башкаруунун заманбап багыттардын бири болуп саналат жана жетишүү процессин көзөмөлдөйт, окутуучулар менен ата-энелердин ортосундагы байланыштарды жакшыртат, ошондой эле администрациянын ишин жеңилдетет. Иште, орто кесиптик билим берүү системасынын окуу-тарбия процессин эффективдүү бакшкарууну жакшыртууга багытталган аракеттер негизделип каралган. Тема боюнча туура, жаңы багыттар, методологиялык ой-пикирлер, теориялык материалдар изилденген, конкреттүү сунуштар берилген. Изилдөө иши колдоого татыктуу жана Сиздерди да колдоп берүүгө чакырам. Каралып жаткан илимий иш Жогорку атестациялык комиссиянын талаптарына толугу менен жооп берет.

**Төрага:** Сөз профессор Сияев Таштанбек Монолдоровичке берилет.

**Сияев Т. М.** - педагогика илимдеринин доктору, профессор:

Диссертациялык изилдөө иши төрөагабыз айткандай абдан актуалдуу, практикалык мааниси бар темалардын бири. Билим берүү мекемелерин башкаруу ишмердүүлүгү (менеджмент) азыркы учурдагы билим берүү системаснындагы эң көйгөйлүү маселелрдин катарында. Башкаруунун сапатына баа берүү процесси дайым жаңыланып, билим берүү тармагындагы маалыматтар коомчулукка, болочок студенттерге, иш берүүчүлөргө жана башка кызыкдар тараптарга жеткирилүүсү зарыл.

Башкаруу сапатын баалоо маселеси, эл аралык деңгээлде иштелип чыккан JSO сериясы 9000:2000 жана TQM (Total Quality Management) концепцияларынын негизинде жүргүзүлүүдө. Бул системалар көптөгөн окуу мекемелердин башкаруу процессинин натыйжалуулугун баалоого мүмкүнчүлүк түздү. Бирок, ушул багытта изилдеген илимий эмгектер жокко эсе. Иште бул маселелер, аккредитация стандарттары, стратегиялык пландаштыруу, экспертиза сыяктуу компоненттер менен бирге анализге алынган. Азыр билим берүү тармагындагы башкаруунун парадигмасы өзгөрүп жаткан учур. Бул парадигма окуу-тарбия иштерин башкарууну, уюмдардын сапаттуу иштешин камсыз кылууга багытталган функциялык милдеттер менен байланышкан. Иште, билим берүү мекемесинин сапат системасынын эффективдүүлүгү профессордук-окутуучулар коллективинин активдүү катышуусуна, сапатты жакшыртууга багытталган аракеттерине негизделип каралган. Бул туура багыт. Тема боюнча туура, жаңы багыттар, методологиялык ой-пикирлер, теориялык материалдар изилденген, конкреттүү сунуштар берилген.

Жалпылап айтсак, изилдөө иши колдоого татыктуу жана Сиздерди да колдоп берүүгө чакырам. Каралып жаткан илимий иш Жогорку атестациялык комиссиянын талаптарына толугу менен жооп берет.

**Төрага:** Сөз педагогика илиминин доктору, профессор Мааткеримов Нурсапар Оролбековичке берилет.

Мааткеримов Н. О.: педагогика илиминин доктору, профессор:

Урматтуу төрага, диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, диссертациялык ишти талкуулап, ой пикирлер айтылууда. Бир топ жакшы сунуштар берилди, өзгөчө окуу-тарбия процессин заманбап башкаруу жаатында көрсөтүлгөн кемчиликтерди, мүчүлүштүктөрдү коргоого чейин оңдоп, жоюуга аракет кылышаар. Эксперттердин сунуштоолорун менда колдойм.

**Төрага:** Изденүүчү Шатманалиев Болотбек Аманович "Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары" аттуу темадагы 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын алдын ала коргоого коюлган диссертациясы боюнча И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.23.675 диссертациялык кеңешинин жыйынынын

**К О Р У Т У Н Д У С У**

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын 2021-2040-жылдар аралыгында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында орто кесиптик билим берүүнү өркүндөтүү, эмгек рыногунун жана керектөөчүлөрдүн суроо-талаптарына жооп берген системаны түзүү, финансылык ресурстарды эффективдүү пайдалануу маселелери коюлган.

Орто кесиптик окуу жайларындагы укуктук-нормативдик талаптар гана эмес, таалим-тарбия берүү процессин башкарууну уюштуруу иштери да функционалдык жактан өзгөрүп, көп профилдүү билим берүүчү тармак катары өнүгүүдө. Буга байланыштуу окуу программаларынын мазмуну, формалары жана технологиялары өзгөрүп, инсанга багытталган билим берүү процесстери ишке ашууда.

Жаңы типтеги орто кесиптик окуу жайларды ачуу боюнча укуктук-нормативдик документтер даярдалып, тиешелүү окутуу процессин башкаруунун жаңы технологияларын иштеп чыгуу жана даярдоо багытында билим берүү системасын башкаруу толук изилдене элек. Ошондуктан жаңы типтеги орто кесиптик окуу жайларды ачуу, окутуу процессинин сапатын

башкарууну уюштуруу жана ар тараптуу даярдоо маселеси бүгүнкү күндө актуалдуу бойдон калууда.

Кесиптик билим берүү жана аларды башкаруу боюнча Б. А. Абдыкаримов, Г. Б. Абакирова, А. А. Исабеков, А. А. Токтосунов, Э. А. Касымбеков, Ж. К. Каниметов, В. Л. Ким, В. И. Блинов, В. А. Болотов, Г. Д. Бухарова, Г. И. Ибрагимов, А. С. Раимкулова сыяктуу кыргызстандык жана чет элдик окумуштуулар изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн.

Жаңы коомдук-экономикалык шарттардагы орто кесиптик окуу жайлардын калыптанышы жана алардын өнүгүү багыттары боюнча Р. Ш. Айылчиев, Н. А. Асипова, Ч. Ш. Жакыпова, А. О. Окишев, Б. А. Нурунбетов, А. Т. Токтогулов, Ж. Т. Тойгомбаев, И. К. Касендеев, И. А. Сейтешов, Б. У. Урстамбеков сыяктуу кыргызстандык окумуштуулар изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Орто кесиптик билим берүү системасында окуу процессин башкаруунун инновациялык-педагогикалык шарттарын аныктоо боюнча М.А. Мураталиева изилдөөлөр жүргүзгөн. Д. К. Төрөбаева орто кесиптик медициналык билим берүү окуу жайындагы кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык негиздерин изилдеген. Жогоруда айтылган окумуштуулардын эмгектери көрсөтүп тургандай, биринчиден, Кыргызстандагы орто кесиптик билим берүүдөгү жана окуу-тарбия процессин башкаруунун абалын сапаттуу талдоого; экинчиден, бул тармактагы өзгөрүүлөрдү объективдүү баалоого; үчүнчүдөн, орто кесиптик билим берүүдөгү окуу-тарбия процессин башкаруу менен орто кесипкөй адистерди даярдоодогу алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүүгө арналган илимий эмгектер сейрек кездешет.

Натыйжада, орто кесиптик окуу жайларындагы окуу-тарбия процессин башкаруунун сапаттык менеджменти менен байланышкан педагогикалык шарттар жетишээрлик деңгээлде изилденген эмес, муну төмөнкү карама-каршылыктар да далилдеп турат.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий программалар жана илимий долбоорлор менен байланышы.**

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын илимий изилдөө иштеринин багытына жана университеттин илимий-изилдөө иштери менен байланышта аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты:** орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессинин жалпы сапатын башкаруунун натыйжалуулугун өркүндөтүүгө өбөлгө түзүүчү педагогикалык шарттарды илимий-методикалык жактан негиздөө аны педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1) Орто кесиптик окуу жайлардын учурдагы абалына талдоо жүргүзүү, окутуу процессинин жалпы сапатын башкаруунун өнүгүшүн, мыйзам ченемдүүлүктөрүн
жана келечектеги мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо.

2) Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессинин сапатын башкаруунун моделин иштеп чыгуу, аны ишке ашыруунун принциптерин жана өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо.

3) Орто кесиптик билим берүү системасында башкаруу, пландаштыруу, уюштуруу жана окутуучулардын педагогикалык ишмердүүлүгүн баалоо боюнча заманбап инновациялык технологияларды иштеп чыгып, аны практикага киргизүү.

4) Иштелип чыккан моделди практикага киргизүүгө өбөлгө түзүүчү колледждин окуу-тарбия процессинин сапатын башкаруунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерүү.

**Иштин илимий жаңылыгы төмөнкүдөй:**

1. Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессинин сапатын башкаруунун мазмуну, функциялары жаңы билим берүү парадигмасынын негизинде такталып, аны компьютердик каражаттарды пайдалануучу натыйжалуу уюштуруунун критерийлери аныкталды.
2. Учурдагы коомдук-экономикалык шарттарда орто кесиптик окуу жайлардын окуу-тарбия процессин башкаруу системасынын сапатын өркүндөтүүнүн негизги багыттары жана педагогикалык шарттары аныкталды.
3. Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессинин сапатын башкарууда компьютердик программаларды жана маалыматтык технологияларды натыйжалуу пайдалануу принциптери аныкталып, анын негизинде окуу-тарбия процессинин жалпы сапатын башкаруунун модели иштелип чыкты.
4. Окуу-тарбия процессинин сапатын башкаруу боюнча даярдалган моделдин натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилип, аны орто кесиптик билим берүүчү уюмдардын окуу-тарбия практикасына киргизүү боюнча методикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:**

Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу жана тарбия процессин башкаруу системасын өркүндөтүүнүн педагогикалык негиздери, функциялары жана субъекттери боюнча методикалык сунуштар иштелип чыкты. Бул сунуштардын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилип, алардын ишке ашыруусу боюнча практикалык сунуштар берилди.

Колледждин окуу жана тарбия процессинин сапатын башкаруу боюнча иштелип чыккан модель жана аны ишке ашыруу үчүн функционалдык баалоо-критерийлери, диагностикалык изилдөө деңгээлдери киргизилди. Бул моделди башка колледждерде директордун тарбия иштери боюнча орун басарлары, кураторлор жана окутуучулар колдоно алышат.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:** Орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкарууга байланыштуу негизги түшүнүктөрдү аныктоо менен, башкаруу системасынын натыйжалуулугун арттыруунун педагогикалык шарттары, ага байланыштуу план, моделдери каралып, педагогикалык экспериментте тастыкталды. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган методикалык материалдар талданып, сунуштар иштелип чыгып, практикага киргизилди. Мындан тышкары, орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессинин сапатын башкарууга багытталган окуу-методикалык иштердин программасы иштелип чыкты жана аны практикага киргизүүнүн механизмдери сунушталды.

**Изилдөө натыйжаларын апробациялоо:** Диссертациялык иштин негизги корутундулары жана жыйынтыктарын камтыган билдирүүлөр илимий-методикалык жыйындарда, республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда жасалган. Мисалы: И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларында (2019-2022-жж.); "XII Глобалдык илим жана инновация" эл аралык илимий-практикалык конференциясында (Астана ш., Казахстан, 2021-ж.), VII илимий практикалык конференцияда (Казань ш., РФ, 2021-ж.) ж.б.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу:** Изилдөөнүн негизги натыйжалары жарыяланган 26 эмгекте чагылдырылган, алардын ичинен 12 макала РИНЦте импакт-фактору бар илимий журналдарда, калгандары илимий-практикалык конференциялардын материалдарынын жыйнактарында жана атайын окуу-методологиялык каражаты катары басмадан чыгарылган.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөнкү эмгектеринде чагылдырылды**

**Окуу-методикалык колдонмо**

**1. Шатманалиев Б. А.** Возможности и ограничения применения нейросетевых технологий в профессиональном образовании. Учебное методическое пособие для руководителей и педагогов колледжа.-Бишкек 2024. /Шатманалиев Б. А., и др. - 4,75 п.л.

**2. Шатманалиев Б. А.** Орто кесиптик окуу жайындагы окуу-тарбия ишин башкаруу. Окуу методологиялык каражат. - Бишкек 2022. / Шатманалиев Б. А., Толоев М. - 4,5 п.л.

**Илимий макалалар:**

**1. Шатманалиев Б. А.** Орто кесиптик билим берүүнү жаңылантуу жана анын окуу процессин башкаруунун маселеси: теориялык анализ [Текст] / Б. А. Шатманалиев // «Ала-Тоо» университетинин илимий журналы. Бишкек, 2023. № 3-4. 17-25-б.

**2. Шатманалиев Б. А.** Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын жардамы менен Covid-19 пандемия учурунда орто кесиптик билим берүүдө аралыктан окутуунун иш тажрыйбасы [Текст] / Б. А. Шатманалиев // «Ала-Тоо» университетинин илимий журналы. Бишкек, 2023. № 3-4. 162-168-беттер.

**3. Шатманалиев Б. А.** Медико-фармацевтический колледж в условиях инновационного образования (в соавторстве). Сборник научных трудов. В 2 ч. Ч. 2. Саратовский источник, Саратов, 2022. С. 242-253.

**4. Шатманалиев Б. А.** Приложения дополненной реальности и их использование в учебном процессе. Сборник науч-х трудов. Саратов, 2023. 377с

**5. Шатманалиев Б. А.** Кыргызстандагы жана Казахстандагы орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруу багыттары [Текст] / Б. А. Шатманалиев // И. Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. Атайын чыгарылышы. “Кыргыз-казак мамилелери: өнүгүү тенденциялары” Эл аралык илимий конференциянын материалдары. 56-62-беттер. Бишкек, 2022.

**6. Шатманалиев Б. А.** Кесиптик окуу жайлардын тутумунда окуу-тарбия процессин башкаруу тармагындагы эл аралык тажрыйбалар [Текст] / Б. А. Шатманалиев // И. Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. “Кыргыз-казак мамилелери: өнүгүү тенденциялары” Эл аралык илимий конференциянын материалдары. Атайын чыгарылышы. 62-68-беттер. Бишкек-22

**7. Шатманалиев Б. А**. Орто кесиптик билим берүүдө КЭР кызматташуунун зарылдыгы [Текст] / Б.А.Шатманалиев / И. Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. КЭР модернизациалоо тажрыйбасы. ККП 100-жылдыгына арналган эл аралык илимий конференциянын материалдары. 73-78- беттер. Бишкек, 2021.

**8. Шатманалиев Б. А.** КЭР жана КРдагы орто кесиптик окуу жайларынын окуу-тарбия иштеринин багыттары [Текст] / Б. А. Шатманалиев //И. Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. КЭР модернизациалоо тажрыйбасы. ККП 100 жылдыгына арналган эл аралык илимий конференциянын материалдары. 67-73- беттер. Бишкек. 2021.

**9. Шатманалиев Б. А.** Оценка эффективности системы управления учебно-

воспитательным процессом в среднем специальном учебном учреждении (в соавт-е) [Текст] / Б. А. Шатманалиев // «Ала-Тоо» университетинин илимий журналы. Бишкек. 2021. № 3-4. 37-45-беттер.

**10. Шатманалиев Б. А.** Принципы управленческой деятельности в средних профессиональных учебных учреждениях (в соавторстве) [Текст] / Б. А. Шатманалиев // Журнал АУПКР. Бишкек. 2021. № 4. С. 16-25.

**11. Шатманалиев Б. А.** Маалыматтык коммуникациялык технология-билим берүү уюмдарын башкарууда [Текст] / Б. А. Шатманалиев // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. № 7, 2021., 245-248- беттер.

**12. Шатманалиев Б. А.** Маалыматтык коммуникациялык технологияларын тарбия иштеринде колдонуу [Текст] / Б. А. Шатманалиев //Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. № 7, 2021., 249-253-беттер.

**13. Шатманалиев Б. А.** Билим берүү тармагын маалыматташтыруунун жана санариптештирүүнүн проблемалары [Текст] / Б. А. Шатманалиев // МКУ «Билим жана тарбия», 2021, Бишкек, «Maxprint» басмасы, 11-16-беттер.

**14. Шатманалиев Б. А.** О непрерывном образовании в Кыргызстане. Сборник научных трудов. В 2 ч. Ч. 2. Саратовский источник, Саратов, 2020-312 с.

**15. Шатманалиев Б. А.** Управление учебно-воспитательным процессом среднего профессионального образования в цифровом пространстве. Сборник научных трудов. Ч. 1. Саратов, Саратовский источник, 2021. 65-74 с.

**16. Шатманалиев Б. А.** Качественная подготовка специалистов - цель начального профессионального образования (в соавторстве). Сборник научных трудов. В 2 ч. Ч. 2. Саратовский источник, Саратов, 2021, стр. 277-285.

**17. Шатманалиев Б. А.** Проектирование технологии управления и планирование деятельности студентов СПО (в соавторстве). [Текст] / Б. А. Шатманалиев // Современный ученый, Белгород. № 3, 2021, стр. 98-102.

VII. Шатманалиев Болотбек Аманович "Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары" аттуу темадагы 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын өз алдынча аткарылган илимий иш катары эсептөөгө жарайт жана жаңы илимий натыйдаларды камтыйт.

VIII. Диссертациялык кеңештин эксперттери сунуш кылган документтерин карап чыгып, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик

университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.23.675 диссертациялык кеңешинин 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Шатманалиев Болотбек Амановичтин "Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары" деген темада жазылган диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.23.675 диссертациялык кеңешинин 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Шатманалиев Болотбек Амановичтин "Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары" деген темадагы диссертациялык иши боюнча билдирүүсүн, суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап, төмөндөгүдөй:

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

**1.** Шатманалиев Болотбек Амановичтин "Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары" деген темадагы диссертациялык иштин актуалдуулугун жана практикалык багытталуусун эске алуу менен, коюлган маселелердин мазмуну сунушталган жоболор жана корутундулар, 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистигине туура келет жана аякталган диссертациялык иш деп эсептелсин.

Шатманалиев Болотбек Амановичтин "Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары" деген темадагы диссертациялык иши боюнча эксперттик комиссиянын корутундусу бекитилсин.

**2.** Жетектөөчү мекеме катарында Казак улуттук кыз-келиндер педагогикалык университетинин кесиптик билим берүү кафедрасы бекитилсин.

Расмий оппоненттери катары педагогика илимдеринин доктору, Х. А. Ясави атындагы Казак-Түрк эл аралык университетинин компьютердик инженерия кафедрасынын профессору Беркимбаев Камалбек Мейирбекович

жана педагогика илимдеринин кандидаты, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башкаруунун автоматташтырылган системасы кафедрасынын доценти Нусупова Роза Сарыпбековна дайындалсын.

**3.** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.23.675 диссертациялык кеңешинде диссертациялык иш коргоого сунушталат. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын сайтына коргоо жөнүндө кулактандырууну жарыялоого, авторефератты басып чыгарууга уруксат берилсин.

**Төрага:** Ушул чечим кабыл алынсын десеңиздер, добуш берип коюңуздар: **"макул"-** баары, **"каршы"**- жок, **"калыс"**- жок.

Чечим бир добуштан кабыл алынды. Кеңештин жыйынынын отуруму жабык деп жарыяланат.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор** **Чоров М. Ж.**

**Диссертациялык кеңештин катчысы,**
**педагогика илимдеринин доктору, доцент** **Чалданбаева А. К.**